***DOI:10.26104/NNTIK.2023.87.15.019***

*Бургоева А.Н.*

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ДЕВИАНТТЫК ЖУРУМ-ТУРУМУНА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЖАНА КЫЛМЫШТУУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ

*Бургоева А.Н.*

# БОРЬБА С ДЕВИАНТНЫМ ПОВЕДЕНИЕМ ПОДРОСТКОВ И ПРОФИЛАКТИКА ПРЕСТУПЛЕНИЙ

*A. Burgoeva*

# FIGHTING DEVIANT BEHAVIOR OF ADOLESCENTS AND PREVENTION OF CRIME

*УДК: 343.915*

*Бул макалада жаш өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумуна каршы күрөшүү коомдогу кылмыштуулукту алдын алуунун бир түрү катары мааниси жана өзгөчөлүгү баяндалат. Ошондой эле, макалада өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун түшүнүгү, түрлөрү, келип чыгуу факторлору жана алдын алуу чаралары жазылат. Мындан сырткары, жаш баланын өздүгүнүн туура калыптануусу, анын келечеги үчүн өзгөчө маанилүү экендиги ачыкталган. Анткени, физикалык жана психикалык жактан толук калыптанган балада, укукка каршы аркеттер пайда болбойт, эгер кокустук жаряны эле орун албаса. Автор макаланын жыйынтыгы боюнча, жаш баланын өздүгүнүн туура калыптануусу, алардын келечекте коомдо орун алган кылмыштуулугуна тыюу салууга алып келе тургандыгын көрсөткөн. Натыйжада, жаш балдардын кылмыш аракеттерине эле эмес, ага чейинки жалпы эле укукка жат жосундарга баруура бөгөт коюуга боло тургандыгын аныктасак болот.*

***Негизги сөздөр:*** *жаш өспүрүмдөр, девианттык жүрүм-турум, коом, мамлекет, кылмышкер, факторлор.*

*В этой статье повествуются значение и особенности борьбы против девиантное поведение несовершеннолетних как один из видов профилактики преступности в обществе. Также в статье описаны понятие, виды, причины и меры профилактики девиантного поведения подростков. Кроме этого, следует указать, что правильное формирование личности детей, играет особую роль в его будущем. Потому, что физически и психически здоровом ребенке сделать противоправные действии, если не будет случайности. Автор в итоге статьи указал на правильное формирование личности несовершеннолетних и устранение преступности в обществе. В итоге можно определить не только преступность несовершеннолетних, но и можно запретить аморальное действие несовершеннолетних детей.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, девиантное поведение, общество, государство, преступник, факторы.*

*This article tells the meaning and features of the fight against deviant behavior of minors as one of the types of crime prevention in society. The article also describes the concept, types, causes and measures for the prevention of deviant behavior of adolescents. In addition, it should be pointed out that the correct formation of the personality of children plays a special role in his future. Because a physically and mentally healthy child will do illegal acts if there is no accident. As a result of the article, the author pointed to the correct formation of the personality of minors and the elimination of crime in society. As a result, it is possible to determine not only juvenile delinquency, but it is also possible to prohibit the immoral actions of minor children.*

***Key words****: minors, deviant behavior, society, state, criminal, factors.*

Ар бир демократиялык өнүккөн коомдо күндөлүк жашоо турмушту жөнгө салып турган социалдык нормалар жана эрежелер иштелип чыгат. Бул социалдык нормалардын көптөгөн түрлөрү бар: мисалы, моралдык, укуктук, саясий, эстетикалык, корпорациялык, диний адаттар, салттар, өнөкөттөр, жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар жана башкалар. Дал ушул социалдык нормалар жана эрежелердин негизинде коом жашайт. Эгер коомдо аталган нормалар жок болсо, анда мамлекетте баш аламандык өкүм сүрүп, тактап айтканда, ар ким өзү билгенин жасап, башка жактарга зыян келтирүү менен жүрүм-турум жасай башташмак. Ошол себептен, ар бир мамлекетте бардык адамдарга бирдей болгон укуктук жана нравалык ченемдер кабыл алынат жана калкка жайылтылат. Дал ушул, ченемдерди аткаруу жана сактоо милдети жарандарга жүктөлөт, эгер ченемдерди бузса, анда мамлекеттик мажбурлоо чаралары колдонулат. Демек, укуктук жана нравалык ченемдерге каршы бир же бир нече жоруктарды инсан өзүнө же коомго реалдуу зыян алып келүү менен жүрүм-турум жасоосу-девианттык жүрүм-турум деп аталат. Девианттык деген сөз англис тилиненен «deviation» деген сөзүнөн алынып, бизче которгондо «бузулган» дегенди түшүндүрөт.

Адамда негизинен девианттык жүрүм-турум өспүрүм куракта пайда болот. Анткени, бала курактан чоң куракка өтүүдө, балада ар тараптуу жеке өнүгүү журөт [2].

Өспүрүм курак бул – адамдын мүнөзү калыптанган убакыт. Өспүрүмдүн жүрүм-туруму бул-анын мүнөзүн калыптануусундагы пайда болгон сырткы татаал процесс. Өспүрүм курак адамдын инсандык калыптануусунда жана өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ [1]. Так ушул, мезгилде баланын ишмердүүлүгүнүн көлөмү кеңейет, анын мүнөзү сапаттуу жакка өзгөрүлө баштайт. Ошондой эле, анын жашоодогу керектөөлөрү жана кызыгуулары күчөйт, өзун жана айлана-чөйрөнү таанууга, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн баалоого жана демилгелүү болууга умтула баштайт. Мындан сырткары, өспүрүм куракта

баланын индивидуалдык инсандык калыптануусунда айлана чөйрөнүн, жакын адамдарынын таасири өзгөчө орунду ээлейт. Себеби дегенде, жаш балада келечекте кандай адам болуп чыгышы караңгы же болбосо белгисиз болот. Ушул учурда ар бир өспүрүмгө жол көрсөтүү, кеңеш берүү жана көмөк көрсөтүү жакындары тарабынан талап кылынат. Эгерде баланын өспүрүм курагында ага эч кандай жашоонун социалдык-экономикалык жагымсыз жагдайлары тоскоолдук кылбаса, туура, талапка ылайыктуу тарбия берилсе, психофзиологиялык, генетикалык ооруга чалдыгышына түрткү берилбесе жана социалдык чөйрө позитивдүү таасир этсе, анда мындай балдар келечекте мыйзамчыл, эч кандай укуксуз же кылмыштуу аракеттерди жасабаган адам болуп чыгышына шарт түзүлөт. Анткени, өспүрүм курактагы девианттык жүрүм-турум, ал баланын интелектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээлинин төмөндүгүнөн, инсандык калыптануу процессинин толук аяктабагандыгынан жана үй-бүлөсүнүн же жакындарынын терс таасир тийгизгенинен ошондой эле, коомдун, жамааттын, социалдык топтордун талаптарына көз каранды болгондугунан, туура жашоого багыт ала албагандыгынан келип чыгат [2].

Ошондуктан, мамлекет учурдагы коомдун кылмыштуулугун алдын алуу жана ага каршы күрөшүүдөн мурун, мамлекеттин келечеги болгон жаштардын өзүн алып жүрүүсүн бузулуусуна шарт түзбөстөн, тескерисинче бузулган жүрүм-турумдарына каршы күрөшсө, келечекте кылмыштуулуктун келип чыкпоосуна негиз түзүлөт деп ойлойбуз.

«Жаман нерсенин артында жаман бар» - деп, элдик макалда айтылгандай эгер коомдун өсүп келе жаткан муундары өздөрүн туура эмес, башкача айтканда, укуксуз алып жүрсө анда, мыйзамсыз жана социалдык жат көрүнүштөр коомдо өз кучагын жаят. Ошол үчүн, мамлекет учурдагы кылмышкерлер менен күрөшпөстөн алардын жүрүм-турумун жаш мезгилинен туура жана мыйзамчыл жакка буруу менен калыптандыруу керек. Ошондой эле, алардын жашоого туура көз караш менен өзүн алып жүрүүгө үйрөтүү зарыл. Демек, кылмыштуулуктун келип чыгуусунун эң башкы себеби болуп жаш өспүрүмдөрдүн өзүн алып жүрүүсүнүн бузулуусу эсептелет.

Жалпы коомчулуктагы өспүрүмдөрдүн өзүн алып жүрүүсүнүн бузулбоосуна каршы күрөшүү үчүн, балага өспүрүм куракта өзгөчө көңүл бурууусу зарыл. Негизинен, өспүрүм куракта, адамда көптөгөн өзгөрүүлөр, атап айтканда, физикалык өнүгүүсү, инсандык психикалык калыптануусу жана жашоонун ар кандай кубулуштарын өзүнө кабыл алуу процесси жүрөт. Жашы жете элек бала кылмыштуу жолго түшкөндө, ал алгач эле окууга кызуугусу жоголот, көз көрүнө, кабыл алынган жалпыга бирдей болгон эрежелерди, тең-туштарынын алдында, өзүн көз карандысыз экендигин билдирүү максатында бузууга аракет жасайт [7].

Девианттык жүрүм-турумдун кандай түрлөрү жана формалары бар экендиги тууралуу көптөгөн теориялар жана идеялар бар. Психологдор, социологдор, дарыгерлер жана башка адистер бул көйгөйгө ар кандай көз караш менен карашат жана девианттык жүрүм-турум феноменин классификациялоо боюнча көптөгөн ар кандай ойлорду ортого салышкан. Бирок, билим берүү системасынын чегинде биз мындай жүрүм-турумдун түрлөрүн конкреттүү түрдө карасак болот.

Девианттык жүрүм-турум жөнүндө сөз болгондо, анын өспүрүм курак менен болгон байланышы баса белгиленет. Бул курак дээрлик ар бир адамдын жашоосундагы эң оор мезгил болуп саналат. Бул мезгил "бурулуш мезгил" деп аталышы да бекеринен эмес. Эгерде биз девианттык жүрүм турумдун калыптанышы жөнүндө айта турган болсок, анда өспүрүм кезде эле социалдык жактан кабыл алынбаган же ал тургай коом үчүн кооптуу болгон инсандык сапаттар калыптанып башташы мүмкүн. Аларды кененирээк карап көрөлү:

Коммуникативдик девиация – мектептеги кабыл алынган эрежелерди сактабаган, классташтарын же мугалимдерди мазактаган, орой жана кадыр-баркты басмырлаган жүрүм-турумдун ар түрдүү формалары. Бул жүрүм-турум, биринчи кезекте, өспүрүмдү курчап турган чөйрөдөн көз каранды (мисалы, бирин бири колдогон пикирлештердин компаниясы). Көз каранды жүрүм-турум – эки формада жүрүшү мүмкүн: химиялык жана химиялык эмес. Химиялык көз карандылык психоактивдүү заттарды колдонууну камтыйт, анткени дал ушул өспүрүм курагында адамдар өмүрүнүн акырына чейин сактала турган жаман адаттар менен таанышат. Буга тамеки чегүү, алкоголдук ичимдиктер жана баңгизаттын жеңил түрлөрү кирет. Социалдык тармактарга жана компьютердик оюндарга болгон көз карандылыкты химиялык эмес көз карандылыкка киргизсек болот (азыркы өспүрүмдөрдүн мисалында). Мыйзамга каршы жүрүм-турум девианттык жүрүм-турумдун эң коркунучтуу түрлөрүнүн бири, анткени ага ар кандай түрдөгү мыйзам бузуулар кирет - эң жөнөкөй (майда бейбаштыктан) эң ооргo чейин (адам өлтүрүү). Мындай көрүнүш өспүрүмдүн өзү үчүн да, анын айлана-чөйрөсү үчүн да жагымсыз [1].

Суициддик жүрүм-турум – өспүрүм үчүн девианттык жүрүм-турумдун эң татаалы жана өмүрүнө коркунуч туудурган түрлөрүнүн бири. Бул баланын ички сезиминдеги ою же чыныгы өз жанын кыюуга болгон каалоосу. Кээ бир учурларда, мындай жүрүм-турум манипуляциялык мүнөзгө ээ, башкача айтканда, өспүрүм чындыгында эле өлгүсү келбейт, бирок ушундай жол менен ал өзүнө көңүл бурдурууну каалайт. Мындай жүрүм-турум эң жөнөкөй түрдөн башталып, коомго каршы жана кооптуу болуп эсептелет [1].

Өспүрүмдөрдүн өзүн алып жүрүүсүнүн бузулуусуна каршы күрөшүүү үчүн анын келип чыгуу себептерин изилдөө талап кылынат. Жаш өспүрүмдүн өзүн

алып жүрүүсүн бузуулусунун себептери төмөнкүдөй факторлордун негизинде пайда болот:

**1. Биологиялык фактор.** Баланын организминдеги физиологиялык жана анатомиялык өзгөчөлүктөрдүн таасиринен, анын коомго ыңгайланышуусу кыйынчылыкты туудурат. Натыйжада, баланын өзүн алып журүүсү бузулуусу мумкүн. Баланын мындай жүрүм-турумда болуусуна төмөнкү факторлор түрткү берет:

**1.1. Генетикалык фактор.** Эненин кош бойлуу мезгилинде туура эмес жана толук эмес тамактануусу, спирт ичимдиктерин, наркотикалык заттарды пайдалануусу, тамеки тартуусу жана эненин кош бойлуу мезгилиндеги психикалык жана физикалык соккулар, өнөкөт жана инфекциялык самотикалык оорулары, баш мээ жана жыныстык оорулары ошондой эле, өзгөчө тукум куучулук ооруларда таасир этиши мүмкүн.

**1.2. Психофизиологиялык фактор.** Адам организминдеги психофизиологиялык соккулар, чыр-чатак абалдар, айлана чөйрөнүн химиялык курамы, энергиянын жаңы түрлөрү, ар кандай саматикалык, аллергиялык, токсиндик ооруларга алып келет.

**1.3. Физиологиялык фактор –** бул суйлөө речтин дефекти, тышкы түзүлуштүн көрумсүз жана толук эмес болгондугу, көбүнчө баллада теӊ-туштары жана жамаат ортосунда негативдүү мамиленин болуусуна алып келет [6].

**2. Психологиялык фактор.** Бул баладагы психопатологиялык же болбосо кээ бир жекече мүнөздөрүн жогорулап кетишинен улам, өзүн туура эмес алып жүрүүсү ыктымал. Мындай өзүн алып жүрүүсүнүн бузулуусу, анын нерв системаларынын дүүлүгүсүн жогорулатып, нервдик-психикалык ооруга алып келет. Натыйжада, баланын адекваттык эмес аракеттерди жасоого түрткү берет. Баладагы аталган психикалык бузулуулар төмөнкүдөй сапаттарга алып келиши мүмкүн:

– эмоционалдык туруксуздук, башкача айтканда, урушчаак же агрессивдүү болуусуна алып келет;

– айлана-чөйрө менен мамиле кылуусу бузулат (өзгөчө теӊ-туштары менен);

– тез таарынчаак жана сабырсыздык болууга алып келет (өзүн-өзү баалоосу төмөндөп кетет;

– өзүнө-өзү ишенбөөчүлүк же каардуу болуп калуусу. Жогорудагыдай баланын психопатологияга чалдыгышына бирден-бир баштапкы себеп болуп - ата-эненин балага толук эмес ата-энелик сүйүүнү, мээримди, эркелетүүнү, көӊүл бурууну бере албагандыгы же өз балдарына өзгөчө каардуу мамиледе болуусу түрткү берет. Мындай көрүнүштөргө дуушар болгон балдар, коопсуздук сезимдеринен ажыратылышып, өздөрүн жаман, керексиз жана сүйкүмсүз деп эсептешет. Жыйынтыгында, алардын өмүрүнө коркунуч, ден-соолугуна зыян келет жана коомго ыңгайлашуусу талаптагыдай болбой калат [7].

**3. Социалдык-педогогикалык фактор.** Бул фактор негизинен мектептеги, үй-бүлөдөгү же коомдогу окуу тарбиялык иштердин толук же туура эмес болгондугунан келип чыгат. Атап айтсак, кээ бир балдар бир же көптөгөн предметтерди өздөштүрүүсү кыйынга турат. Ал эми кээ бирлери өзун алып жүрүүсү бузулуусунан теӊ-туштары же педогогдору менен чыр-чатакка барышат, же болбосо, системалык түрдө сабакты калтырышат. Ошондой эле, окууга болгон кызыгуусу толук түрдө жоголуп, социалдык жат көрүнүштөргө аралаша башташат. Мындан сырткары, сабактан четтетилген балдар, мыйзамдуу жумушка кире албагандыгынан, материалдык жактан камсыз болуу үчүн криминалдык мүнөздөгү аракеттерди жасоого барышат [6].

Социалдык-педогогикалык фактор боюнча баланын өзүн алып жүрүүсүнүн бузулуусуна үй-бүлөөсү да таасир этет.

Атап айтсак, төмөнкүдөй үй-бүлөлөр:

– толук эмес үй-бүлөлөр (үй-булөдө атасы же апасы жок болсо же чоӊ атасы, чоӊ энеси балдарды тарбияласа); Эмгек мигранттарынын балдары адатта чоӊ ата чоӊ энелеринин, туугандарынын үйүндө же интернаттык мекемелерде жашайт. Бул болсо аларга карата ташбоор мамиле жасалат жана муктаждыктары көӊүл сыртында кала берет деген тобокелдикти күчөтүүдө. Расмий эмес маалыматтарга ылайык өлкөдө 700 миңден ашуун адамдар тышкы миграцияга тартылган, ал эми ички мигранттардын так саны жок. Мына ошол мигранттардын көпчүлүгү өз балдарын жакын туугандарына таштап кеткендигинен улам балдар көп кыйынчылыктарга дуушар болушууда. Биздин баамыбызда эч бир бала ата-энесинен алган мээримди, кам көрүүнү, сүйүүнү, камкордукту, камсыздоону башка эч кимден ала албайт. Балдар башка жакындарынын карамагында калган учурда да, алар баардык жактан жакшы мамиле кылган учурда да толук кандуу ата-эненин ордун баса алышпайт. Балдар ата-энесин дайыма сагынып, алардын камкордугу жетишпестигин сезген абалда болоору бышык. Балдар өзгөчө психологиялык туруксуздукка кабыл болушат, ички сезиминде ата-энелерине таарыныч жаралып, аларды тагдырдын сыноосуна таштап, кароосуз калтырып койгондой сезим пайда болот. Акырындык менен бул алыстык ата-эне менен балдардын ортосунда көрүнбөгөн чекти пайда кылат. Бири-бирине карата жакындык сезимдин алыстоосуна жол ачат. Биз эми миграция маселесин чече албасак да, алардын балдары менен алгылыктуу, жоопкерчиликтүү иш алып баруу керек деген сунушту белгилешибиз керек [5].

– чыр-чатактуу үй-бүлөлөр (бирин-бири түшүнбөгөн же көз караштары бири-бирине дал келбеген, бир тынчтыкка келе албаган үй- бүлөлөр);

– формалдуу үй - булөлөр (үй-бүлөдө бирин-бири сыйлоо жок болгон, жашоого болгон максаты,

керектөөсү жоголгон, үй-бүлөлүк милдеттерди формалдуу аткарышкан уй - бүлөлөр);

– араккеч үй-бүлөлөр (үй-бүлө мүчөлөрүнүн негизги кызыкчылыгы спирттик ичимдиктерди пайдалануу болуп калат);

– руханий жактан оорукчан үй-бүлөлөр (балдарына туура инсандык калыптануусуна жана өнүгүүсүнө шарт түзүп бере албаган үй- бүлөлөр).

Көбүнчөсү өспүрүмдөрдө чоңдордун жашоосуна, ишмердүүлүгүнө кызыгуусу, керектөөсү күчөй баштайт. Алар адатта, чоңдордун тышкы жүрүм-турумун, өзүн алып жүрүүсүн жана эркин болгондугун өз алдынча чечим чыгарууларын туурай баштайт. Ошондой эле, жаш өспүрүмдөр чоңдордой укук жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болууну каалашат, ата-энеси же мугалимдери айткан талаптарга көз каранды болбой, өз алдынча болууга аракет кыла башаташат. Бирок, жаш өспүрүмдөрдүн жашоо тажырыйбасы аз болгондуктан, аларда чоңдор менен түшүнбөстүктөр келип чыгып, натыйжада чыр-чатак туулат [2].

**4. Социалдык-экономикалык фактор.** Өспүрүмдөрдө социалдык теңсиздиктин атап айтканда, коомдун бай-кедей болуп бөлүнүүсү, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн жакыр жашоосу, жетиштүү айлык маяна менен камсыз болбоосу жана жумушсуздуктун айынан да девианттык жүрүм-турум келип чыгат. Бул айтылып кеткен факторлордон улам, девианттык жүрүм-турум келип чыгышына биз да толук кошулабыз.

**5. Социалдык-маданий фактор деген бул** – азыркы учурда телевидениелерде, интернет булактарында жана газета журналдарда, жалпы эле социалдык тармактарда маалыматтык саясаттын жоктугун түшүнсөк болот. Анткени, көбүнчө жаш өспүрүмдөр умтулуп, кызыгып көздөгөн баалуулуктар атап айтсак, телевидениеде, интернет булактарында жана газета журналдарда ыргалбаган берүүлөр, көрсөтмөлөр жана дисктер чыгарылып жана жалпы адамдарга көрүү мүмкүнчүлүгүн жараткандыгы, алардын туура өсүп жетилүүсүнө терс таасирин тийгизет. Бул үчүн, жалпы эле социалдык тармактарда атайын агартуутарбиялык берүүлөрдү көрсөтүү жана ата-эне, мектеп жамаатынын, укук коргоо органдарынын кызматын жигердештирүү керек. Мындан сырткары, жалпы коомчулуктагы өспүрүмдөрдүн өзүн алып жүрүүсүнүн бузулбоосуна каршы күрөшүү үчүн, балага өспүрүм куракта өзгөчө көңүл буруусу абзел. Тактап айтканда, балага туура тарбия берүү, ден-соолугу жана психикалык өнүгүүсү чың болуп калыптануусу үчүн кам көрүү, социалдык, экономикалык-маданий жактан жакшы жашоо шарты менен камсыз кылуу жана социалдык жат көрүнүштөрдөн коргоого алуу. Эгерде айтылган иш чаралар талапка ылайыктуу, өз убагында аткарылса анда коомдогу кылмыштуулуктун азайышына бир аз да болсо салым кошулат деген ойдомун.

**Адабияттар:**


1. Рождественская Н.А. Девиантное поведение и основы его профилактики у подростков/ // Генезис. 2016. - С. 14-22.
2. Шнейдер Л.Б. Девиантное поведение детей и подростков. - М.: Академический проект // Трикста. 2005. - С. 12-14.
3. Жунусов И.К., Жолдошбаев Д.А. Мектептеги психологдун ишмердуулугу. - Бишкек, 2000. - 67-69-бб.
4. Кубанычбекова А.К. Кыргызстандагы балдардын абалы жана аларга карата зомбулуктун себептери. - Б., 2018. 5 б.
5. Шемякина О.О. Психолого-педогогическая деятельность по профилактике девиантного поведения подростков. - Москва, 2011. - №4
6. Бургоева А.Н. Жашы жете элек кылмышкердин жеке өзгөчөлүгүнө криминологиялык мүнөздөмө. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. № 12. С. 51-52.